5. Рожков, М.И. Воспитание толерантности у школьников [Текст]: учеб. пособие для вузов / М.И Рожков, Л.В Байбородова, М.А. Ковальчук. - Ярославль: Академия Холдинг, 2003. - 192 с.
6. Солдатова, Г.У. Жить в мире с собой и другими. Тренинг толерантности для подростков [Текст]: учеб. пособие / Г.У. Солдатова, Л.А. Шалгерова, О.Д. Шарова. - М.: Генезис, 2000. - 108 с.
6. Сухомлинский, В.А. О воспитании [Текст]: выдержки из работ / В.А. Сухомлинский. - 6-е изд. - М.: Политиздат, 1988. - 270 с.
7. Шалин, В.В. Право и толерантность: либеральная традиция в эпоху глобализации [Текст]: учеб. пособие / В.В. Шалин, А.П. Альбов. -2-е изд. - Краснодар: Краснодарская академия МВД России, 2005. - 266 с.

УДК 371.123:378:811.111(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-145-152

**Асаналиева Ч. Н., Карабалаева Г. Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Асаналиева Ч. Н., Карабалаева Г. Т.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Asanalieva Ch. N., Karabalayeva G. T.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

ORCID: 0009-0002-2282-8207, SPIN-код: 7932-8429 [1]

# ЖОЖдо БОЛОЧОК АНГЛИС ТИЛИ МУГАЛИМИН ОКУТУУДА ПРАКТИКАЛЫК-БАГЫТТАЛГАН МАМИЛЕНИ КАЛЫПТАНДЫРУУ
# ФОРМИРОВАНИЕ ПРАКТИКО-ОРИЕНТИРОВАННОГО ПОДХОДА К ОБУЧЕНИЮ БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА В ВУЗЕ
# FORMING A PRACTICE-ORIENTED APPROACH TO TEACHING A FUTURE ENGLISH TEACHER AT A UNIVERSITY

**Аннотация:** Макалада азыркы учур талабына ылайык актуалдуу маселелердин бири болгон практикалык-багытталган мамилени калыптандыруу каралды. Алибетте, англис тилин окутууда практикалык-багытталган ыкманын актуалдуулугу өзгөчө жогору, анткени үйрөнүүнүн акыркы натыйжасы –үйрөнүлүп жаткан тилди иш жүзүндө колдонуу билүү жана ал үчүн окутуунун ар түрдүү формаларына, методдоруна жана технологияларына көңүл буруу керек экендиги маанилүү. Учур талабында жогорку билим берүү системасы келечектеги бүтүрүүчүлөрдү даярдоодо теориялык базаны түзүүгө гана эмес, ошондой эле келечектеги адистиги боюнча практикалык көндүмдөрдү калыптандырууга багыттоо зарылдыгы белгиленүү менен көптөгөн технологиялар каралды. Андан тышкары англис тилин окутуудагы коммуникативдик ыкманы ичине камтыган көптөгөн тапшырмалардын мисалдары берилди.

**Аннотация:** В статье рассмотрено формирование практико-ориентированного подхода, что является одним из актуальных вопросов в соответствии с современными

требованиями. Безусловно, практико-ориентированный метод особенно актуален в обучении английскому языку, ведь конечным результатом обучения является умение использовать изучаемый язык на практике, а для этого важно обращать внимание на различные формы, методы и технологии обучения. В современном спросе в системе высшего образования учтены многие технологии не только для создания теоретической базы в подготовке будущих выпускников, но и для направления формирования практических навыков по будущей специальности. Кроме того, было приведено множество примеров заданий, включающих коммуникативный подход в преподавании английского языка.

**Abstract:** The article considers the formation of a practice-oriented approach, which is one of the topical issues in accordance with modern requirements. Of course, the practice-oriented method is especially relevant in teaching English, because the end result of learning is the ability to use the target language in practice, and for this it is important to pay attention to various forms, methods and technologies of teaching. In modern demand in the system of higher education, many technologies are taken into account not only to create a theoretical base in the preparation of future graduates, but also to guide the formation of practical skills in a future specialty. In addition, many examples of tasks were given that included a communicative approach in teaching English.

**Негизги сөздөр:** практикалык-багытталган мамиле, маалыматтык коммуникативдүү компетенция, коммуникативдик ыкма, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар

**Ключевые слова:** практико-ориентированный подход, информационно-коммуникативная компетенция, коммуникативный подход, информационно-коммуникационные технологии

**Keywords:** practice-oriented approach, information and communication competence, communication approach, information and communication technologies

**Киришүү**. Билим берүүнү өнүктүрүүнүн азыркы этабында англис тилин окутуунун негизги максаты - англис тили боюнча коммуникативдик компетенттүүлүктүн зарыл деңгээлине жетишүүгө, үйрөнүп жаткан тилде маданияттар аралык коммуникацияга катышууга, чет тилде кептик ишмердүүлүктү өздөштүрүү жана болочок адистин инсандыгын калыптандыруу, өнүктүрүү болуп саналат.

МККнын (маалыматтык коммуникативдүү компетенция) калыптанышына көмөктөшүүчү негизги кептик иш- бул сүйлөө же баарлашуу. Студенттер, алган билимдерин, көндүмдөрүн педагогикалык практика учурунда колдонуу билүүсү керек. Тилди үйрөтүү чөйрөсүнөн тышкары, сабакты ар түрдүү көнүгүүлөр менен каныктыруу жетишсиз болот. Андыктан, студенттерге ой жүгүртүүгө, жаңы ойлорду жараткан ар кандай маселелерди чечүүгө, бул маселелерди чечүүнүн мүмкүн болгон жолдору жөнүндө ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берүү өтө маанилүү. Мындан тышкары эң маанилүү аспектилердин бири, алибетте англис тилин үйрөнүүгө түрткү (мотивация) берүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты.** Бул окутуунун негизги максаты коомдук жана кесиптик ишмердүүлүктүн ар түрдүү тармактарында азыркы учурда суроо-талапка ээ болгон студенттердин көндүмдөрүн калыптандыруу, ошондой эле алган билимдерин практикалык тажрыйбада колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат. Герберт Спенсердин "Билим берүүнүн эң негизги максаты билим эмес, ал иш-аракет"-деген сөзү буга далил болуп саналат.[5].

**Макаланын милдети:** Ошондуктан, мугалимдин алдында билим берүүдө суроо-талапка ээ болгондой таанып-билүүчүлүк, чыгармачылык окуу процессин уюштуруу

милдети турат. Ошондо гана студенттердин окуу ишмердүүлүгү ийгиликтүү боло алат жана кесиптик чөйрөдө кесипкөй адис катары эмгектене алат. Бул көйгөйдү чечүүгө мүмкүн болгон варианттардын бири- иш-аракет ыкмасынын негизин түзгөн, практикалык-багытталган мамилени окутууну колдонуу.

**Негизги мазмуну:** Алибетте, англис тилин окутууда практикалык-багытталган ыкманын актуалдуулугу өзгөчө жогору, анткени үйрөнүүнүн акыркы натыйжасы –үйрөнүлүп жаткан тилди иш жүзүндө колдонуу билүү болуп саналат. Бул ыкма окутуунун эффективдүүлүгүн кыйла жогорулатууга мүмкүндүк берет деп ишенимдүү айта алабыз. Практикалык- багытталган окуу процесси, башка ыкмалар сыяктуу эле, окутуунун формаларына, методдоруна жана технологияларына таянат. Азыркы учурда жогорку билим берүү системасы келечектеги бүтүрүүчүлөрдү даярдоодо теориялык базаны түзүүгө гана эмес, ошондой эле келечектеги адистиги боюнча практикалык көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган. Бул ыкманын иштеши сэндвич курстарын (окуу программасын окуу менен бирге кесиптик ишти камтыйт), кооперативдик программаларды ишке ашыруу аркылуу аткарылат, же болбосо, жогорку билим берүүдөгү эң эски окутуу формаларынын бирин (иш тажрыйбасы кошумча жалпы окуу планына киргизилет), когнитивдик шакирттик практика аркылуу практикалык тажрыйба алуу моделдерин (студенттер жумуш ордунда уюштуруучулук маданиятын байкоо жана сиңирүү мүмкүнчүлүгү), биргелешкен мекеме-университет (биргелешип иштелип чыккан жана ири компания тарабынан каржыланган), ж. лар [1]. Эгерде окутууда түздөн-түз практикалык-багытталган мамиле талданса, анда бул жерде эки негизги багыт бар.

Биринчи багыт, теориялык окуу жана практикадан өтүү процессинде студенттерди кесиптик чөйрө менен тааныштыруунун максаты болуп эсептелет.
Экинчи багыт, студенттердин компетенттүүлүгүн, ошондой эле тандап алган кесиби боюнча функционалдык милдеттерин аткарууну камсыз кыла турган инсандык сапаттарын калыптандыруу менен байланыштуу.

**Изилдөөнүн методикасы**: Бул багытты ишке ашыруу кесиптик-багытталган окутуу технологияларын киргизүү аркылуу камсыз кылынат. Бүгүнкү күндө окуу иш-аракеттерин максималдуу натыйжалуу кылууга мүмкүндүк берген көптөгөн технологиялар бар:

- маалымат жана байланыш (коммуникация)
- долбоордук ыкмасы,
- студенттердин изилдөө иштери,
- көп деңгээлдүү окутуу,
- дифференцияланган окутуу,
- кызматташуу же топтук иштер боюнча окутуу технологиясы ж.б. белгилеп өтсөк болот.

Ар бир тайпада студенттердин арасында окутуу деңгээли боюнча айырмачылыктар дароо айырмаланып тургандыгына байланыштуу, билим берүү процессин уюштуруудагы эң алгылыктуу жана актуалдуусу дифференциация технологиясын ар түрдүү деңгээлдеги окутуунун элементтерин кошуу менен иштөө жемиштүү.

Сабакта жана сабактан тышкаркы убакта билим берүү процессин уюштуруудагы алдыңкы технологиялардын бири катары **маалыматтык-коммуникациялык технологияларды** (МКТ) белгилеп кетсек болот. Сабактын ар кандай этаптарында МКТны колдонуу билим берүү процессин оптималдаштырууга, убакытты натыйжалуу пайдаланууга мүмкүндүк берет. Тагыраак айтканда жаңы материалды түшүндүрүп жатканда, түшүнүктүү болушу үчүн, Microsoft Power Point программасында компьютердик презентацияларды (анын

ичинде окуучулардын өздөрү түзгөн презентацияларды, мугалимдин алдын ала текшерүүсүнөн кийин), www.Youtube.com сайтындагы видеолорду, окуу фильмдерин, видео роликтерди, анимациялык жана көркөм тасмалардан, электрондук тиркемелерден лексиканы бекемдөө этабында, ошондой эле жалпылоодо жана кайталоодо — интерактивдүү тапшырмалар, контролдоодо - интерактивдүү тесттер, долбоорлорду коргоодо - компьютердик презентациялар абдан эффективдүү болот.

**Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды** жана мультимедиялык каражаттарды колдонуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн активдештирүүгө, өз адистигине карата окууга болгон мотивацияны жогорулатууга, студенттердин коммуникациялык көндүмдөрүн жана тил көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн кошумча шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул технологияны колдонуу репродуктивдүү формалардан өз алдынча, чыгармачыл эмгектин түрлөрүнө өтүүгө жардам берет.

**Долбоорлоо ыкмасын** студенттердин сүйлөө компетенцияларын калыптандырууда, чет тилин маданияттар аралык баарлашуунун жана өз ара аракеттенүүнүн куралы катары колдоно билүүнүн алдыңкы ыкмаларынын бири деп эсептейбиз. Ошондуктан студенттерге долбоордук ишмердүүлүк көндүмдөрүн калыптандыруу негизги милдеттердин бири. Долбоордук топто иштөө менен студенттер активдүү диалог түзүп, жаңы стандарттуу эмес кырдаалдарда англис тилинде билим жана көндүмдөрдү колдонушат. Долбоордук иш төмөнкү этаптардан турат:

1. Теманын аныктамасы
2. Жыйынтыктын аныктамасы
3. Долбоордун планын талкуулоо жана түзүү
4. Маалымат чогултуу
5. Маалыматты иштетүү
6. Долбоордун дизайны
7. Долбоордун презентациясы
8. Долбоорду баалоо

Долбоордук иш-чаралар компьютерде иштөө менен айкалышып, сабактардын кызыктуу өтүшүнө өбөлгө түзөт. Окутуучу студенттерге гана үйрөтпөстөн, алардан көп нерсени үйрөнүүгө да мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Оюндар** студенттерге дифференцияланган мамиле жасоого, ар бир болочок мугалимди ишке тартууга, анын кызыкчылыктарын, тил боюнча даярдыгын эске алууга мүмкүндүк берет. Оюн мүнөзүндөгү көнүгүүлөр болочок мугалимдерди жаңы тажрыйбалар менен байытат, сөздүктү кеңейтет, чарчоону басып өнүгүү функциясын аткарат. Алар максаты, мазмуну, уюштуруу жана өткөрүү ыкмалары боюнча ар кандай болушу мүмкүн. Алардын жардамы менен бир маселени чечүүгө болот (грамматикалык, лексикалык көндүмдөрдү өркүндөтүү ж.б.) же милдеттердин бүтүндөй комплекси: сүйлөө жөндөмүн калыптандыруу, байкоочулукту өнүктүрүү, көңүл буруу, чыгармачылык жөндөмдөр ж.б.

**"Окутуунун моделдик методу"** (ишкердик оюндар түрүндөгү сабактар, сабак-сот, сабак-аукцион, сабак-пресс-конференция түрүндөгү сабактар). Бул сабактар жашоодо болуп жаткан пресс-конференцияларды туурайт же болбосо окшошот: коомдук ишмерлердин же илимпоздордун топтору пресс өкүлдөрү менен маектешүү жүргүзүп, аларды жайылтуу максатында маанилүү маселелерди жана көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган. Бул типтеги сабактар болочок мугалимдердин кошумча адабияттар менен иштөө көндүмдөрүн

өнүктүрүүгө, кызыгууну, командада ишти аткара билүүнү, жолдоштук жардамдарды өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

Сабак-пресс-жыйын жалпылоо жана изилденген материалдарды бекемдөө максатында өткөрүлөт. Түзүлүшү боюнча адаттан тышкары, бул сабактар студенттердин кызыгуусун арттырып, чыгармачылыкка шыктандырат.

**Mind-Map методу** – ойлорду, идеяларды, баарлашууларды жазуу үчүн жөнөкөй техника. Жаздыруу тез, ассоциацияланган формада жүргүзүлөт. Сабактын темасы- негизги иштин аткаруу борбору десек болот. Алгач сөздөр, идея, ой-толгоолор айтылат. Идеялардын агымы чексиз, туруктуу, биз аларды жогорку сол жактан жазып баштайбыз жана ылдыйкы оң жагынан бүтүрөбүз. Метод бир адамдын же бир топтун жеке продуктусу. Жеке мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтөт, чыгармачылык жөндөмдөрдүн көрүнүшү үчүн мейкиндикти түзөт.

**«Мээ чабулуу» ыкмасы («Brain Storming»):** мээ чабуулу аркылуу студенттер билгендеринин баарын атуу менен, сабактын темасы жана негизги маселе боюнча ой жүгүртүшөт. Бардык идеялар туурабы же туура эмеспи кабыл алынат. Мугалимдин ролу – студенттердин ойлорун кунт коюп угуу менен ойлондуруучу жол көрсөтүүчү ролду аткарат.

Жогорудагы технологиялардын ичинен **коммуникативдик ыкмага** токтолуп кетсек. Коммуникативдүү окутуу- чет тилинде интегративдүү окутуу болуп саналат жана анын негизги максаты – тилди алып жүрүүчүлөр (носитель) менен стандарттын чегинде чет элдик карым - катнаш, маданият аралык баарлашууга даяр болуу болуп саналат [4].

**Коммуникативдик тапшырмалардын мисалдары:**

**1. Алган билимге карата боштуктарды толтуруу**

1. Describe your classmate or a celebrity (appearance, character, hobbies and deeds). Your classmates must guess the person. (Өзүңдүн классташыңды же белгилүү инсанды сүрөттө). Башка катышуучулар ошол сүрөттөлгөн инсанды табышат.

2. Learn your classmates ‘opinion about…….. (классташтарыңдын ойлорун тап)

3. Your teacher stuck a paper on your back. For example: You are a vacuum cleaner. You must ask all questions to learn what is written on your back. The questions should be general. (Мугалим далыңа кагаз чаптайт. Мисалы: “Сен чаң тазалагыч”. Сен бардык жаттаган суроолорду бересиң (далыңдагы сөзгө карата). Суроолорго: Ооба же жок деп жооп бериш керек.

**2. Аргументтерге карата боштуктарды толтуруу:**

1. Convince your friend to buy something. Give reasons why he/ she should do it. ( Досуңузду бир нерсе сатып алууга көндүрүңүз. Ал эмне үчүн бул нерсени кылыш керек экендигин түшүндүрүңүз).

2. Persuade your friend to start keeping to a diet together with you. Give reasons:
(Досуңузду сиз менен диета кармоого көндүрүңүз.Себептерин айтыңыз)

3. Persuade your friend to get rid of smoking. Give reasons why he should do it.
(Досуңузду тамеки чегүүнү токтотууга көндүрүңүз. Себептерин айтыңыз).

**3. Пикирлердин ажырымы берилген кырдаалга жооп катары жеке пикирлерин, сезимдерин билдирүүнү камтыйт:**

1. Speak (write) about what you will like in 20 years. (Айтып бериңиз же жазыңыз, 20 жылдан кийин сиз өзүңүздү кандай көрөсүз).

2. Change the ending of a story. (Окуянын аягын өзгөртүңүз).

3. Write the plot to a film (cartoon, play). (Кино, мультфильм, спектакль үчүн сюжет жазыңыз).

**4. Ситуациялык (кырдаалдык) көнүгүүлөр:**

Толуктоочу кырдаалдар. Кырдаалдын сүрөттөлүшү кыскача берилген. Студент кырдаалды иштеп чыгуусу жана макул болуусу керек.

1. John was very unpopular in his class. But one day…….

(Джон класста көп белгилүү эмес болчу. Бирок бир күнү.........).

2. Alice was going home after a hard day at her office. But suddenly….

( Алиса офистеги оор күндөн кийин үйүн көздөй бара жатты. Бирок күтүлбөгөн жерден........).

3. Harry could hardly imagine that it may happen to him…….

(Гарри мындай нерсе болорун элестете да алган эмес........).

**5. Көйгөйлүү кырдаалдар: Көйгөйлүү маселени студенттер кантип чечүүнү айтып беришет.**

1. The Earth may become a desert because of cutting forests down. What is the way out? (Токойлордун кыйылышынан жер чөлгө айланышы мүмкүн. Бул көйгөйдөн чыгуунун жолу кандай? ).

2. Grown- up children often do not have enough time to take care of their old parents. How can we change the situation? (Бойго жеткен балдардын көбүнчө кары ата-энелерине кам көрүүгө убактысы жок. Бул мамилени кантип өзгөртө алабыз?).

3. Obesity is a common problem of many Russians. What should we do to solve the problem? (Семирүү орусиялыктар арасында кеңири таралган көйгөй. Бул көйгөйдү чечүү үчүн эмне кылуу керек?)

**6. Талкуулоочу көнүгүүлөр:**

Сабак боюнча талкуу:

1. You think teachers are unfair to you. Discuss what you should do in such situation. (Мугалим сизге адилетсиз мамиле кылып жатканын сезесиз. Мындай кырдаалда эмне кылуу керектигин талкуулагыла).

Комментарий берүү:

1. Girls are always neat. (Кыздар дайыма тыкан болушат)
2. Old films are better than modern films. (Эски кинолор жаңы кинолорго караганда жакшыраак)

**7. Ролдук баарлашуу:** баарлашуу белгиленген сюжет боюнча ишке ашат.

1. line-up: (Студенттер сунуш кылынган белгиге ылайык мүмкүн болушунча тезирээк тизилгенге аракет кылышат).

2. strip-story ( ар бир студент сөз айкашын алат жана тез арада “ окуяга “ тиешелүү орунду ээлегенге аракет кылат).

3. smile (студенттер бири- бирине жакын келишип, жылмаю менен пикир алышы).

4. merry-go-round (студенттер ички жана сырткы айлана түзүшөт жана айлана боюнча кыймылга келишип, пикир алышат).

5. contact (катышуучулар бири- бирине жакын келишип, сүйлөшүү жүргүзүшөт).

6. king words (студенттер маектешине кандайдыр бир жагымдуу сөздөрдү айтышат).

7. reflection (катышуучулар башка мүчөлөр алар жөнүндө кандай ойдо экенин элестетүүгө аракет кылышат).

**8. Listening (студенттер өнөктөшүн кунт коюп угушуп, башын ийкеп макулдугун билдиришет).**

Белгиленген ролдор: Cinderella and her stepmother. Describe a ball you have just visited. (Золушка жана анын өгөй энеси. Сиз барган баллды сүрөттөп бериңиз).

**9. Коммуникативдик оюндар:**

**1.** Коммуникативдик оюндар рейтингдин методикалык ыкмасына негизделген баарлашуу оюндары.

Оюндун жүрүшүндө көбүнчө талкуу болот. Анткени маалыматтын рейтингин түзүүдө көз караштарда айырмачылыктар болот, студенттер жупта же топтордо иштөө менен өз тандоосун түшүндүрүшөт же негиздешет.

1. You are a school leaver. Order actions according to their importance: to have a happy personal life, to study well? To be popular with your groupmates, to prepare for exams, to choose a profession, to have an interesting hobby, to have a part time job. (Сен бүтүрүүчүсүң. Иш аракеттерди маанилүүлүгүнө жараша иретке келтир).
2. You are preparing for having a party. Order the actions: make sandwiches,

Buy food and drinks, decorate the house, find good music, invite guests, ask parents for permission to have a party, call gusts to make sure they will come, to prepare games and competitions for a party. (Сен үйүңдө кече өткөргөнү даярданып жатасын. Иш аракеттериңди маанисине жараша иретке келтиргиле).

**2.** Студенттер арасында маалымат көлөмүндөгү айырмачылыктарды атайылап түзүүнүн негизинде курулган коммуникациялык оюндар.

Бул ыкма байланыш өнөктөштөрүнүн ортосунда белгилүү бир маалыматтын бирдей эмес бөлүштүрүлүшүн камтыйт, бул алардын сүйлөө активдүүлүгүн жана аларга белгисиз фактыларды (окуяларды) табууга болгон (тактоо) каалоосун стимулдаштырат. Маалымат алмашуу эки тараптуу болушу мүмкүн.

Sam knows everything about the college you are going to enter. Ask him questions to learn the necessary information. (Сэм сиз тапшыра турган колледж тууралуу баарын билет. Керектүү маалыматты билүү үчүн ага суроолорду бериңиз).

**3.** Топтоо же дал келүү параметрлерин камтыган оюндар. Бул учурда ар бир студент бирден маалымат алат жана жетишпеген бөлүгүн байланыш өнөктөшүнөн табышы керек.

All of you have a half of a recipe. You have 5 minutes to restore the whole recipe. (Баарыңыздарда рецепттин жарымы бар. Толук рецептти калыбына келтирүүгө 5 мүнөтүңүз бар).

**4.** Жупту табуу жана аракеттерди координациялоо оюндары.

Группадагы ар бир студенттин өзүнүн жуптары бар, алар **сөз же тема** эмне жөнүндө экенин билбейт жана аны оюндун башка катышуучуларына суроо берүү аркылуу табышы керек.

1. All of you are going for a holiday to some place. Every two of you are going to the same place. You may ask questions to find out a person who travels with you. You should ask only general questions. Possible variants: to the North Pole, to Mexico, to St. Petersburg. (1. Баарыңар бир жерге эс алууга барасыңар. Экөөңөр бир жерге барасыңар. Сиз менен саякаттаган адамды билүү үчүн суроолорду берсеңиз болот. Сиз жалпы суроолорду гана беришиңиз керек. Мүмкүн болгон варианттар: Түндүк уюлга, Мексикага, Санкт-Петербургга.

**5.Интервью**

Бул ыкмалар тобунун жалпы өзгөчөлүгү болуп, алардын ой-пикирин, берилген суроолорго жоопторун билүү үчүн мүмкүн болушунча көбүрөөк катышуучулардан интервью алуу милдети саналат.

Маектешүүнүн алдында, мүмкүн таблица (схема) түрүндө анкета түзүп алса болот, анда респонденттердин жооптору жазылат.

1. You have to learn everybody's opinion about their favorite pastime. (Ар бир адамдын сүйүктүү оюну тууралуу пикирин билүү керек).

2. Learn everybody's opinion about the new film you saw yesterday. (Кечээ көргөн жаңы тасма тууралуу ар кимдин оюн билиңиз) [3].

Бирок биз сабакта кайсы технологияны колдонсок дагы, бул жаңылануунун эң маанилүү звеносу мугалим экендигин унутпашыбыз керек. Мугалим билимди жана маалыматты алып жүрүүчүдөн тышкары, ал иштин уюштуруучусу, консультант жана көйгөйдү чечүүчү кесиптешке айлана алат.

**Жыйынтык:** Жыйынтыктап айтканда, англис тили сабактарында чыныгы сүйлөөнү жакшыртууда төмөндөгүлөрдү белгилей кетебиз:

❖ негизги компетенциялардын калыптанышына өбөлгө түзөт;

❖ окутуунун максаттуу аспектине тиешелүү жана окутуунун мазмуну менен тыгыз байланышкан коммуникативдик маселелерди чечүүгө мугалимге жардам берет;

❖ окуучулардын сабакта чарчоосун азайтат;

❖ окутуунун сапатын жогорулатат;

❖ окутууда өнүктүрүүчү, көйгөйлүү мүнөзүн камсыз кылат;

❖ студенттердин сөз-ой жигердүүлүгүн, алардын изденүүчүлүгүн, максатка умтулуусун, эмгекчилдигин өнүктүрөт;

❖ башка элдин маданий баалуулуктары менен тааныштырат.

Практикалык-багытталган мамиленин акыркы натыйжасы болуп, окууну аяктаган студенттин окуу ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө түзүлүп, ишмердүүлүктүн кесиптик түрлөрүн ишке ашыруу, ошондой эле окуу процессинде жүрүм-турумунун жыйынтыктоочу модели катары эсептелинет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Лунева, Ю.Б. Практико-ориентированный подход в профессиональном образовании [Текст] / Ю.Б.Лунева, О.И. Ваганова, Смирнова Ж. В. // Инновационная экономика перспективы развития и совершенствования. Научный журнал. – 2018. – №6 (32). – С.122-123.

2. Жилкин, Д. Н. Решение коммуникативных задач в процессе обучения иностранному языку / Д. Н. Жилкин // Иностранные языки в школе. – 1992. – № 1.

3. Маслыко Е.А., П.К. и др. Настольная книга преподавателя иностранного языка: справочное пособие [Текст] / Е.А. Маслыко, П.К. Бабинская. — 5-е изд., стереотип. — Мн.: Вышэйшая школа, 1999. — 522 с. — ISBN: 985-06-0526-X.

4. Гальскова Н.Д. Современная методика обучения иностранным языкам: пособие для учителя [Текст] / Н.Д. Гальскова. — 2-е изд., перераб. и доп. — М.: АРКТИ, 2003. — 192 с.

5. https://infourok.ru/praktiko-orientirovannoe-obuchenie-na-urokah-anglijskogo-yazyka-5863594.html